ТалМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралып,
жактырылды
Протокол № 6
«26» февраль 2025-ж.

БЕКИТЕМИН
ТалМУнун ректору техн.и.д.,
профессор Ж.С. Шаршембиев
________________
«26» 02 2025-ж.

**Талас мамлекеттик университетинин**
**«StartUp Students» конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

«StartUp Students» конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Талас мамлекеттик университетинин бизнес-инкубаторунда иштелип чыккан, «StartUp Students» конкурсунун (мындан ары Конкурс) шарттарын жана уюштуруу тартибин жана өткөрүүнү аныктоочу документ болуп саналат, долбоордун жана анын катышуучуларынын ортосундагы өз ара мамиленин жалпы эрежелерин белгилейт.

Ушул Жободо төмөнкү терминдер пайдаланылат:

**стартап-долбоор** – коомдун экономикалык өнүгүшү үчүн олуттуу жакшыртууларды түзүүчү, социалдык, экономикалык, экологиялык жана башка көйгөйлөрдү чечүүгө, пайда алууга багытталган экономикалык же социалдык жаңылыкка, актуалдуулукка жана практикалык мааниге ээ болгон инновациялык бизнес долбоор;

**уюштуруучу** – Талас мамлекеттик университетинин бизнес-инкубатору;

**бизнес-инкубатор** – жаңы баштаган ишкерлерди (стартапчыларды) стартап-долбоорлорду иштеп чыгууда жана аны өнүктүрүүнүн бардык этаптарында: идеяны иштеп чыгуудан аны коммерциялаштырууга чейин илгерилетүүдө колдоо көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемесинин базасындагы уюм же бөлүм;

**конкурстук комиссия** – комиссия, анын курамы уюштуруучу тарабынан 5 мүчөдөн кем эмес санда жана катышуучуларды алдын ала тандоого жана жеңүүчүлөрдү аныктоого ыйгарым укуктуу бекитилет;

**бизнес-модель** – ишкердик ишти концептуалдык сыпаттоо (өз ара байланышкан бизнес-процесстерди бүтүндөй көрсөтүү жана алардын ишин талдоо үчүн арналган бизнес жөнүндө кыскартылган түшүнүк);

**бетачар (питчинг)** – инвесторлорду тартуу максатында долбоорлорду сунуштоо өткөрүлүүчү иш-чара.

## 2. Конкурстун максаты жана милдеттери

2.1. Конкурстун негизги максаты болуп Талас мамлекеттик университетинде стартап-экосистеманы жана ишкердик чөйрөнү өнүктүрүүгө көмөктөшүү, Талас мамлекеттик университетинин бизнес-инкубаторун ишин колдоо саналат.

2.2. Конкурстун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- келечектүү стартап-долбоорлорду аныктоо, тандоо жана илгерилетүү;
- Талас мамлекеттик университетиндеги студенттердин, жаш окумуштуулардын, профессордук-окутуучулук курамдын мүчөсү жана жаңы баштаган ишкерлердин стартап-долбоорлорун ишке ашырууда шыктандыруу жана колдоо көрсөтүү;
- Талас регионунда ойлоп табуучулук жана инновациялык иште жарандардын кызыкчылыгын жана жигердүүлүгүн жогорулатуу.

2.3. Уюштуруучу төмөнкүлөрдү камсыздайт:

- бардык катышуучулар үчүн бирдей шарттарды;
- конкурс жөнүндө маалыматтарды берүү;
- конкурстун жыйынтыгы жөнүндө маалыматтарды берүү.

2.4. Жеңүүчүлөрдүн саны конкурстук комиссиянын чечими менен аныкталат.

2.5. Конкурсту өткөрүүнүн орду – Талас мамлекеттик университети, бизнес-инкубатору.

## 3. Конкурстун катышуучуларына коюлган талаптар

3.1. Конкурска жаңы продуктуну, буюмду, технологияны же коммерциялаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, жеке илимий-техникалык жана илимий-технологиялык изилдөөлөрдүн негизинде кызмат көрсөтүүнү иштеп чыгууга даяр Талас мамлекеттик универститетинин бакалавриат, магистратура жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окуган студенттери, окутуучулары өтүнмө бере алышат.

3.2. Конкурска жеке катышуучулар, ошондой эле иштеп чыгуучулардын тобу катышууга укуктуу.

3.3. Конкурска Талас мамлекеттик университетинин бардык адистиктеринде окуган студенттер өздөрүнүн тематикалык багыттары боюнча өтүнмө бере алышат.

## 4. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби

4.1. Конкурсту жарыялоо датасы жана өткөрүү мөөнөтү Уюштуруучу тарабынан белгиленет.

4.2. Конкурска катышуу үчүн катышуучулары тарабынан Жобонун 1- тиркемесине ылайык өтүнмөнүн формасы толтурулат.

Конкурска катышуу үчүн өтүнмө бизнес-инкубатор тарабынан берилген электрондук жана почта даректери боюнча кабыл алынат.

4.3. Конкурсту өткөрүү мөөнөтү узартылган же башка өзгөртүүлөр киргизилген учурда кошумча маалыматты жарыялайт.

4.4. Бизнес-инкубатор өтүнмөлөрдү кабыл алат жана каттайт. Конкурстун талаптарына документтердин ылайык келишин текшерет.

4.5. Конкурстун бардык катышуучуларынын тизмеси алдын ала жайгаштырылат.

4.6. Конкурс 2 этап менен өткөрүлөт.

4.7. Уюштуруучу Конкурстук комиссиянын курамын кесипкөй көз карандысыз эксперттердин санынан бекитет.

**4.8. Биринчи этап – алдын ала тандоо.** Уюштуруучу тарабынан конкурс жарыяланган мөөнөттүн аралыгында стартаптар кабыл алынып угула берилет. Конкурстун жарыяланган мөөнөттүн бүтөрүнө бир жума калганда Конкурстук комиссия финалга катышуу үчүн долбоорлорду алдын ала тандайт.

4.9. Конкурстук комиссия ар бир стартап долбоорду төмөнкү белгилери боюнча баалайт:

1) долбоордун инновациялуулугу;
2) долбоордун социалдык мааниси;
3) долбоорду коммерциялаштыруу келечеги;
4) Конкурска катышуунун алкагында жакынкы жарым жылда долбоорду өнүктүрүү планы.
5) Өз ишин баштаган жана натыйжаларын көрсөткөн долбоор

4.9. Стартап долбоорлорду баалоо үчүн Конкурстук комиссия стартап долбоорлорду баалоонун индикаторлору менен баалоо барагын толтурат, ал биринчи отурумда бекитилет. Баалоо барагы стартап долбоорлорго коюлган негизги талаптарды камтыйт, аларга ылайык келүү балл түрүндө бааланат. Конкурстук комиссиянын чечими протокол менен тариздел.

**4.10. Экинчи этап – финал.** Конкурстук комиссия Катышуучулардын бетачарларын угат. Катышуучуларга презентацияга 5 мүнөт жана суроо-жоопко 3 мүнөт берилет. Бетачар ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык маалыматты камтышы керек.

4.11. Конкурстун жеңүүчүлөрүнүн максималдуу саны 3 катышуучу/команда болот. Конкурстук комиссия добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен добуш берүү аркылуу сыйлык орундарын аныктайт.

Добуштар бирдей болгон учурда, Конкурстук комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү добуш болуп саналат. Конкурстук комиссиянын чечими протокол менен тариздел.

## 5. Конкурстун сыйлык фонду

5.1. Конкурстун жеңүүчүлөрү 1-2-3 даражадагы дипломдор менен сыйланат.

5.2. «StartUp Students» конкурсунун бардык катышуучуларына (студентерге жана жетекчилерине) сертификаттар ыйгарылат.

5.3. Өткөрүлгөн Конкурстун жыйынтыгы Талас мамлекеттик университетинин социалдык баракчаларында жайгаштырылат.

## 6. Конкурстун катышуучуларынын жана уюштуруучунун укуктары жана милдеттери

6.1. **Катышуучулар:**

- конкурстун уюштуруучусунан конкурстун мөөнөтү жана эрежелери жөнүндө маалымат алууга укуктуу;
- конкурска катышууну кабыл алып, ушул Жобо менен өз макулдугун тастыктайт;
- конкурска катышууга өтүнмөнү тариздөөдө зарыл болгон анык маалыматтарды көрсөтүүгө жана берүүгө милдеттүү;
- конкурска катышуу максатында жеке маалыматтарды, анын ичинде фамилияны, атын, атасынын атын, телефон номерин жана электрондук почтанын дарегин пайдаланууга макулдугун берет;
- бизнес-инкубатор тарабынан конкурска катышуу максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштеп чыгууга жана жайылтууга макулдугу берилет, ал санкцияланбаган ачыкка чыгаруудан маалыматтарды коргоонун зарыл чараларына кепилдик берет;
- үчүнчү жактардын өзгөчө укуктарын бузбагандыгына кепилдик берет;
- Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык автордук жана патенттик укуктарды бузгандыгы үчүн жарандык-укуктук жана административдик жоопкерчилик тартат.

**6.2. Уюштуруучу:**

- ушул Жобого ылайык конкурсту токтотууга укуктуу жана катышуучуларга Талас мамлекеттик университетинин сайтына, социалдык баракчаларга кабарлоону жайгаштыруу аркылуу кабарлайт;
- катышуучулар анык эмес маалымат берген же конкурстук комиссиянын чечимине таасирин тийгизүүчү маалыматтарды жашырган, ошондой эле аларга укуктар үчүнчү жактарга тиешелүү болгон интеллектуалдык менчик объектилерин укуксуз пайдаланган учурларда, конкурска катышуудан баш тартууга/токтотууга укуктуу.

## 7. Корутунду жобо

7.1. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү Талас мамлекеттик университеттин Окумуштуулар Кеңешине сунушталат жана жактырылгандан кийин ректордун буйругу менен бекитилет.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

ОИ иштери боюнча проректор,
ОУКтун төрагасы — Сурапов А.К.

Бизнес-инкубатордун директору — Козубекова А.Т.

*1-тиркеме*

**Кыргыз Республикасы**
**Талас мамлекеттик университети**

**«StartUp Students» конкурсуна катышууга ӨТҮНМӨ**

Өтүнмөнү карап чыгууну жана **«StartUp Students»** конкурсунун катышуучуларынын тизмесине киргизүүнү суранам

| | |
|---|---|
| Бизнес-инкубатордун аталышы | Талас мамлекеттик университетинин бизнес-инкубатору |
| Стартап–долбоордун аталышы: | |
| Университеттин бөлүмүнүн аталышы:<br>(Институт, кафедра, колледж) | |
| Курс:<br>Группа: | |
| **<u>Иштеп чыгуучулардын тобу</u>**<br>(Команданын бардык мүчөлөрүнүн Ф.А.А. ,туулган датасы ) | 1.<br>2.<br>3. |
| Байланыш телефону (моб.): | |
| Катышуучунун E–mail дареги: | |
| Катышуучунун жашаган  дареги (анык) | |

Мен Конкурс жөнүндө жободо жазылган Конкурстун шарттары менен таанышкандыгымды жана макул экендигимди тастыктайм.

Мен ушул өтүнмөдө көрсөтүлгөн бардык маалымат өтүнмө берген учурда анык экендигин тастыктайм.

Мен конкурска катышуу максатында жеке маалыматтарды чогултууга, иштеп чыгууга, пайдаланууга жана берүүгө макулдугумду берем.

Мен финалисттерди жана конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоо боюнча Уюштуруучулардын жана Конкурстук комиссиянын чечими акыркы болуп саналарына макулмун.

Катышуучунун Ф.А.А. (толугу менен): ______________________________

Күнү, айы, жылы: _______________

Колу_________

| |
|---|
| **1) Иштин түрү**<br>*(санарип технологиялар, медицина жана ден соолук, өндүрүштүк технологиялар, ресурс үнөмдөөчү технологиялар, креативдүү индустриялар же башка)* |
| |
| **2) Долбоордун идеясынын инновациялуулугу**<br>*(инновациялык идеянын жашоо жөндөмдүүлүгүнүн негиздемеси, 100 сөздөн ашык эмес)* |
| |
| **3) Идеянын социалдык мааниси**<br>*(долбоордун идеясынын убакытка ылайык келиши – коомго кереги барбы, долбоордун социалдык маанилүү натыйжасы барбы, 100 сөздөн ашык эмес)* |
| |
| **4) Долбоорду коммерциялаштыруу келечеги**<br>*(продуктунун рынокто актуалдуулугун жана талапка муктаж экендигин баалоо, бизнес-моделдин негиздүүлүгүн жана жашоого жөндөмдүүлүгүн баалоо 100 сөздөн ашык эмес)* |
| |
| **5) Долбоорду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстар**<br>*(100 сөздөн ашык эмес)* |
| |
| **6) Долбоорду өнүктүрүү планы**<br>*(100 сөздөн ашык эмес)* |
| |

*Приложение 1*

**Кыргызская Республика**
**Таласский государственный университет**

**З А Я В К А**
**на участие в конкурсе «StartUp Students»**

Прошу рассмотреть представленную Заявку и включить ее в число участников конкурса **«StartUp Students»**

| | |
|---|---|
| Наименование бизнес-инкубатора | Бизнес-инкубатор Таласского государственного университета |
| Название стартап–проекта: | |
| Название структуры университета: (Институт, кафедра, колледж) | |
| Курс:<br>Группа: | |
| **<u>Группа разработчиков</u>** (Ф.И.О., дата рождения всех членов команды) | 1.<br>2.<br>3. |
| Контактный телефон (моб.): | |
| E–mail участника: | |
| Адрес проживания участника (фактический) | |

Я подтверждаю, что ознакомлен и согласен с условиями Конкурса, изложенные в Положении о Конкурсе.

Я подтверждаю, что вся информация, указанная мною в настоящей заявке, является достоверной на момент подачи заявки.

Я даю согласие на сбор, обработку, использование, хранение и передачу персональных данных, в целях участия в конкурсе.

Я согласен с тем, что решение организаторов и Конкурсной комиссии по определению финалистов и победителей конкурса, является окончательным.

Ф.И.О. участника (полностью): ________________________________________
Дата:________________
Подпись_____________

| |
|---|
| **1) Вид деятельности**<br>*(цифровые технологии, медицина и здоровье, производственные технологии, ресурсосберегающая энергетика, креативные индустрии или другое)* |
| |
| **2) Инновационность идеи проекта**<br>*(обоснование жизнеспособности инновационной идеи, не более 100 слов)* |
| |
| **3) Социальная значимость идеи**<br>*(своевременность идеи проекта – сформирована ли потребность в обществе, имеет ли проект социально значимый эффект, не более 100 слов)* |
| |
| **4) Перспективы коммерциализации проекта**<br>*(оценка актуальности и востребованности продукта на рынке; оценка обоснованности и жизнеспособности бизнес-модели) не более 100 слов)* |
| |
| **5) Ресурсы необходимые для осуществления проекта**<br>*(не более 100 слов)* |
| |
| **6) План развития проекта**<br>*(не более 100 слов)* |
| |